

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# ЭРКИН-ТОО

Жума,
2025-жылдын
26-декабры

№102 (3759)

www.erkin-too.kg



## Президент Садыр ЖАПАРОВ:

# “ЭЛДИК КУРУЛТАЙ – БИЙЛИК МЕНЕН ЭЛДИН ОРТОСУНДАГЫ ИШЕНИМДИН ТИРӨӨЧҮ”

2-БЕТТЕ

***Кечээ борбор калаадагы Токтогул Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясында IV Элдик Курултай өз ишин баштады. Курултайга Президент Садыр Жапаров, Жогорку Кеңештин депутаттары, Министрлер Кабинетинин мүчөлөрү, мамлекеттик органдардын жана Президенттин облустардагы өкүлдөрү катышты.***

IV Элдик Курултай башталары менен катчылыктын башчысы Мыктыбек Абдылдаев жалпы 690 делегат катышып жатканын, алардын арасында аялдар 146, эркектер 554, жогорку билимдүү делегаттар 450, орто билимдүү делегаттар 237, илимий даражасы бар делегаттар 13 экенин айтты. Ошондой эле Курултайга 68 делегат Кыргызстанда жашаган ар түрдүү улуттардын өкүлдөрү катары катышып жатканын билдирди. Гимн жаңырып, даярдалган видео тасма көрсөтүлгөндөн кийин добуш берүүнүн жыйынтыгында Мамбеткерим Чекиров IV Элдик Курултайдын Улуттук кеңешинин төрагасы болуп шайланды. Ал эми Замирбек Көчөрбаев жана Байболот Абытов төраганын орун басарлары болуп шайланды. Андан соң Курултайдагы алгачкы сөз Мамлекет Башчысы Садыр Жапаровго берилди.

Өлкө жетекчиси шайланып келген делегаттарды чын дилден куттуктап, жасалып жаткан иштер жана келечекке кандай жолдор менен бара тургандыгыбыз боюнча кеңири токтолду.

“Убакыт көрсөткөндөй, бул институт биздин саясий түзүлүштө өзгөчө орунду ээлөө менен Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн бүгүнкүсүн жана эртеңкисин бириктирген жандуу көпүрөнүн милдетин аткаруу жолуна түштү. Элдик Курултай – бул демократиянын өзөгү жана аянтчасы. Мына дал ушул аянтчада ар бир аймактын, ар бир тармактын, ар бир жамааттын үнү жогорку мамлекеттик бийликтегилерге жетип, бирдиктүү чечимдер кабыл алынууда. Элдик Курултай – бул бийлик менен элдин ортосундагы ишенимдин тирөөчүнө айланып бара жаткандыгынын бирден-бир далили – мамлекеттик бийлик эл менен кеңешип, алардын талаптарына көңүл буруп чечим чыгарууда. Элдик Курултай, анын делегаттары жыл өткөн сайын тажрыйба топтоп, бышыпжетилип, элибиздин нукура үнүнө айлана берет” деди Президент.

"ЭРКИН-ТОО"

*гезитине 2026-жылдын 1-жарым жылдыгына жазылууну унутпаңыз!*

**Гезитке жазылуу баасы почта кызматын кошкондо 6 айга:**
***которуу жолу жана накталай төлөө жолу менен – 2115 сом 60 тыйын***
**Индекс: 68451**

**КРнын Нормативдик акты журналына жазылуу баасы 6 айга:**
***которуу жолу жана накталай төлөө жолу менен – 4135 сом 80 тыйын***
**Индекс: 77347**

**Жазылуу бардык почта түйүндөрүндө жүргүзүлүп жатат**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

КУРУЛТАЙ




# “ЭЛДИК КУРУЛТАЙ – БУЛ ДЕМОКРАТИЯНЫН ӨЗӨГҮ ЖАНА АЯНТЧАСЫ”

## БЮДЖЕТТИН КӨЛӨМҮ 1 ТРИЛЛИОН 93 МЛРД СОМ

Соңку үч жылда ИДПнын орточо өсүү темпи 9,8 пайызды түзгөнүн белгилеген Мамлекет Башчысы быйыл да экономикалык активдүүлүк жогору бойдон сакталганын айтты. Маселен, 2025-жылдын 11 айында ИДПнын реалдуу өсүшү 10,2 пайызга жетип, эң жогорку көрсөткүчкө көтөрүлдү. Эл аралык валюталык фонддун маалыматына ылайык, 2024-жылы Кыргызстан ИДПнын реалдуу өсүү темпи боюнча дүйнөдөгү алдыңкы үч өлкөнүн катарына кирди. Бул биздин экономикалык саясатыбыздын натыйжалуулугун, улуттук стратегиянын туура экендигинин жана элибиздин тынымсыз эмгегинин айкын далили. Эгерде 2020-жылы консолидацияланган бюджеттин көлөмү 247,7 млрд сом болсо, быйылкы көрсөткүч боюнча 1 триллион 93 млрд сомдун чегине жетти. Кыска тарыхый учур үчүн бул дээрлик төрт эселеген өсүш. Мындай динамикалык өсүш өлкөнүн каржылык негизинин бекемделип жатканын жана жүргүзүлгөн реформалардын тууралыгын көрсөтүүдө.

## 1 ЖЫЛДА “КУМТӨРДӨН” 678 МИЛЛИОН ДОЛЛАР

Өлкөдөгү жүрүп жаткан ири курулуштарга эбегейсиз чоң чыгымдар кетип жатканы баарыбызга белгилүү. Мынчалык каражаттар каяктан келип жатат деген суроолор бар. Садыр Жапаров анын сырын жандырып, бир эле тармак боюнча кыскача маалымат берди. Айтсак, “Кумтөр” кенин өзүбүздүн мамлекетке алганыбыздан бери көргөн пайдабыз тууралуу дайыма кеңири сөз болуп келе жатат. “Кумтөрдөн” быйылкы жылы эле 678 миллион доллар таза киреше түшкөн. 2020-жылга чейин 1 миллион доллар да киреше бербеген "Кыргызалтын" быйылкы жылда 200 миллион долларлык киреше берген. Мурда жылына мамлекеттен 300 миллион сомго чейин дотация алып олтурган “Макмал” алтын кени быйыл 670 миллион сом таза кирешеге чыкканы маалым болду. "Кыргызалтындын" былтыр жаңы ачылган алтын дүкөнү бир жылда 735 миллион сом таза киреше алыптыр. Ошондой эле 2021-жылга чейин дайыма чыгашага иштеп келген, мамлекеттик бюджеттин мойнуна минип дотацияда отурган "Кыргызстан аба жолдору", "Кыргыз темир жолу" сыяктуу көптөгөн тармактар да кирешеге иштей баштаганы маалым. Айтор, Президент каражаттар кайсыл жактан түшүүдө деп көптөр кызыккан суроолордун жообу мына ушул тармактарда жатканын айтты.

## ТЕКШЕРҮҮГӨ БӨГӨТ КОЮЛУП, БИЗНЕСКЕ ЖЕҢИЛДИК БЕРИЛЕТ

Өлкө жетекчиси бардык ишкерлерге, ал жаңы ишин баштаган ишкерби же тажрыйбалуу ишкер болобу, мамлекет аны эч качан жалгыз таштабастыгын жана анын ийгиликтерге жетишине ишенимдүү өнөктөш болуп берерин билдирди. Ооба, азыркы убакта айрымдары ашыкча текшерүүлөргө туш болуп, кээ бир учурларда адилетсиздикке да туш келип жатканы жашыруун эмес. Президент алардан кабары бар экенин айтып, жаңы жылдык каникулдардан кийин салык түзүмдөрү менен бизнес чөйрөсүн чогултуп, ийри олтуруп түз кеңешип, чечимдерди кабыл алуу планын ачыктады. Анын жыйынтыгында бизнеске көптөгөн жеңилдиктер берилмекчи. Буга чейин УКМК төрагасы Камчыбек Ташиев дагы тийиштүү органдарга кайрылып, текшерүүнү токтотууну өтүнгөн.



## УУРДАЛГАН БАЙЛЫК, ТОНОЛГОН МҮЛКТӨР КАЙТАРЫЛУУДА

Эгемендиктин алгачкы жылдары айрым ач көз адамдар өздөрүнүн гана пайдасын ойлоп, элге тиешелүү көптөгөн мамлекеттик мүлктөрдү мыйзамсыз түрдө менчиктештирип алышкан. Мыйзамсыз менчиктештирилип кеткен заводдор, фабрикалар, ишканалар, жер участоктору, имараттар жана стратегиялык объектилер – мунун баары мамлекетти эбегейсиз чоң зыянга учуратып, байыгысы келгендердин бекер олжосуна айланган. Натыйжада өлкө өзүнүн активдеринен гана эмес, өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүнөн, иш орундарынан жана билим берүү, саламаттыкты сактоо сыяктуу тармактарга багытталa турган миллиарддаган кирешелеринен кол жууган. Бүгүн ошол мүлктөрдү мамлекетке кайтарып, адилеттүүлүк калыбына келтирилүүдө. Бул багытта Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитет, ИИМ менен прокуратура органдары жүргүзүп жаткан кеңири жана кылдат иштер үзүрүн берип жатканына токтолгон Өлкө Башчысы жүз миллиарддаган сомдук активдер жана объектилер мамлекетке кайра кайтарылганын айтты. Кайтарылган мүлктөр – жалпы элибиздин байлыгы. Ал бир нече кызыл кулак адамдарга эмес, бүтүндөй элдин кызыкчылыгына кызмат кылууга тийиш.



## ЧЕК АРАНЫ ЧЕЧКЕНДЕРГЕ ЫРААЗЫЧЫЛЫК

Баарыбыз билгендей, Кыргызстан үчүн эң оор жана көп жылдык сыноолордун бири – бул мамлекеттик чек аралардын так аныкталбай келиши эле. Чек арасы такталбаган өлкө юридикалык жактан толук калыптанбаган, өз мамлекеттүүлүгүн коргоодо алсыз өлкө болуп саналат. Мамлекеттик чек арабыздын өз учурунда толук такталбагандыгынан, узак жылдар бою элдин тынчын алган татаал мезгилдерди, ал түгүл кандуу окуяларды башыбыздан кечирдик. Албетте, ал күндөр артта калды, чек арабыз чечилди. Садыр Жапаров чек ара маселесинин толук чечилиши, жөн гана жетишкендик эмес, бул – өлкөнүн коопсуздугу жана толук көз карандысыздыгы үчүн кепилдик экенин билдирип, Камчыбек Кыдыршаевич баштаган өкмөттөр аралык комиссиянын мүчөлөрүнө өзгөчө ыраазычылык билдирди. Чындыгында эле чек ара маселесинин толук чечилиши менен, биз тынчтык, ынтымак жана ишеним дооруна кадам таштадык. Кыргызстандын коңшу өлкөлөр менен болгон чек ара көйгөйүнүн тынчтык жолу менен толук чечилиши аркылуу Кыргызстанда эле эмес, жалпы Борбор Азиядагы коопсуздук камсыздалды.

## 9250 ҮЙ-БҮЛӨ ТУРАК ЖАЙГА ЭЭ БОЛДУ

30 жылдык тарыхта турак жай көйгөйү да өтө кейиштүү абалга жеткени маалым. Садыр Жапаров бийликке келгенден кийин жарандарыбыздын үй көйгөйү да чечилүүдө. Былтыртан тарта жаңы салынган үйлөр бериле баштаган. 2025-жылы жарандарыбызды батир менен камсыз кылуу боюнча тарыхый жыйынтыктарга жеттик. Мамлекеттик ипотекалык компания мурда болуп көрбөгөндөй жогорку темпти көрсөтүп, ушул жылы эле 4600дөн ашык үй-бүлө батир алды. Бул акыркы төрт жылдагы жалпы берилген турак жайлардын жарымын түзөт. 2021-жылдан бери өлкө боюнча 9250 үй-бүлө өз үйлөрүнө ээ болду. Быйыл турак жай курулушун каржылоо көлөмү 40 миллиард сомдон ашты, бул мурунку жылдарга салыштырмалуу бир нече эсеге көп дегендик. Учурда республиканын бардык аймактарында 70 миңге жакын батирдин курулушу жүрүп жатат. Садыр Жапаров өз сөзүндө мамлекет ресурстарды бөлүштүрүп гана тим болбостон, баарына бирдей мүмкүнчүлүк түзгөн, ар бир үй-бүлөгө, өлкөнүн алыскы аймактарына да колу жетип турган камкор өлкө болууга тийиш экенин баса белгиледи.

## МУГАЛИМДЕР МЕНЕН ДАРЫГЕРЛЕРДИН АЙЛЫГЫ 100% КӨТӨРҮЛӨТ

Элдик Курултайда Президент эң маанилүү маселени көтөрүп, мамлекеттик органдар, жарандык коом, ар бир үй-бүлө – бардыгыбыз мугалим менен дарыгердин аброюн көтөрүүгө милдеттүү экенибизди айтты. Балдарыбыздын кат-сабатын ачып, баарыбызды дарылагандарга сый-урмат болмоюнча, маданияттуу жана өнүккөн өлкө боло албастыгыбызды белгилеп, 2026-жылдын 1-апрелинен тарта мугалимдердин жана медицина кызматкерлеринин айлыгы дагы бир ирет көтөрүлө тургандыгын билдирди. Буга чейин Министрлер Кабинетинин Башчысы Адылбек Касымалиев 50%дан кем эмес көтөрөбүз деп жарыя кылган эле. Президент кеңешип, Өкмөттүн чама-чаркын кайрадан карап чыгып, эмгек акыга кошумча бир ставкага 15 миң сом өлчөмүндө Президенттик компенсациялык төлөм киргизүү менен эмгек акыларын орточо 100%га көтөрөлү деп чечкени белгилүү болду. Эске сала кетсек, учурда мугалимдердин орточо айлыгы 26 миң сом. Ал эми келе жаткан жылдын 1-апрелинен тартып, көбөйгөндөн кийин 52 миң сомдун тегерегин түзөт. Мугалимдердин айлыгы негизинен алардын билим деңгээлине, педагогикалык иш стажына, квалификациялык категориясына, аймактын жайгашкан жерине, окуткан сабагына жана жумалык саат жүктөмүнө жараша аныкталат. Шаар жергесиндеги орто билим берүү мектебинде педагогикалык орто билими бар, бирок педагогикалык стажы жок жаңы келген мугалимдин эмгек акысы 2026-жылдын 1-апрелинен тарта 36 800 сомду түзүп, салыктык жана социалдык чегерүүлөрдөн кийин колуна таза 31 200 сомдун тегерегинде алат. Райондук коэффициенти 1,8 болгон, тоолуу алыскы райондо иштеп жана жашаган, 30 жылдан ашык педагогикалык иш стажы бар орто мектептин математика мугалиминин учурдагы эмгек акысы 65 800 сом, ал эми 2026-жылдын 1-апрелинен тарта эмгек акысы 97 600 сомду түзмөкчү. Ал эми дарыгерлердин орточо айлыгы учурда 31 500 сомду түзөт, эми 2026-жылдын 1-апрелинен тарта 62 500 сомду түзүп, колуна 50 000 сомдун тегерегинде алат. Шаар жергесинде тажрыйбасы жок бир ставка менен жаңы иштеп баштаган дарыгердин айлыгы учурда 16 900 сомду түзөт, ал эми көбөйгөндөн кийин 42 100 сомду түзүп, колуна 35 500 сом алат. Алыскы тоолуу аймакта жогорку квалификациялык категориядагы жана 30 жылдык иш тажрыйбасы бар бир ставка менен эмгектенген дарыгердин айлыгы 91 700 сомду түзүп, колуна 75 700 сомдун тегерегинде алат.

Президенттин сөзүнөн кийин Жогорку Кеңештин төрагасы Тургунбек уулу Нурланбек, Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев сүйлөдү. Андан кийин делегаттардын жарыш сөздөрү башталып, региондогу көйгөйлөр айтылды.

**Зулпукаар САПАНОВ**

БААСЫ ЧОҢ БАЯНДАМА



***Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев Жогорку Кеңештин пленардык жыйынында мамлекеттик саясаттын негизги жетишкендиктерин жана багыттарын чагылдырган баяндама жасады. Өз сөзүндө 2026-жылга карата бюджеттин негизги параметрлерин, ошондой эле бюджеттик сектордо эмгек акыны масштабдуу түрдө жогорулатуу планын тааныштырды. Ошого катар 2030-жылга чейин өнүктүрүүнүн улуттук программасынын негизги багыттарын баяндады. МинКаб Төрагасынын баяндамасынын урунттуу учурлары төмөндөгүдөй болду.***

# ӨНҮГҮҮНҮН ҮЗҮРҮН КӨРӨ БАШТАДЫК

### МАЯНАЛАР 50%ГА КӨТӨРҮЛӨТ

2025-жылы бюджеттик персоналдын айрым категорияларынын, анын ичинде техникалык жана кенже тейлөөчү персоналдын, штаттан тышкаркы жана жарандык кызматкерлердин, ошондой эле мамлекеттик кызматчы категориясына кирбеген айрым кызматкерлердин эмгек акысы жогорулаган. Мындан тышкары, күч түзүмдөрүнүн жана аскер кызматкерлеринин, илим кызматкерлеринин, судьялардын, Салык жана Бажы кызматтарынын, Башкы прокуратуранын, Борбордук шайлоо комиссиясынын, Пробация департаментинин жана Юридикалык жардам кызматынын кызматкерлеринин айлык акылары көбөйтүлдү. 2026-жылдын 1-апрелинен тарта мугалимдердин, дарыгерлердин, социалдык коргоо, маданият, спорт кызматкерлеринин, ошондой эле техникалык жана кенже тейлөөчү персоналдын эмгек акысы 50%дан кем эмес көтөрүлөт. 2026-жылдын 1-сентябрынан тарта мамлекеттик жана муниципалдык кызматчы категориясына кирбеген мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерге, ошондой эле мамлекеттик жана жергиликтүү органдардын техникалык жана кенже тейлөөчү персоналына жана күч түзүмдөрүнүн жарандык кызматкерлерине кошумча төлөмдөр 50%га чейин көбөйөт.

### БЮДЖЕТ 1 ТРИЛЛИОН 93 МИЛЛИАРД СОМ

Министрлер Кабинети бюджетти жана өткөн жылдын отчетун сунуштаган маалда 2024-жылы ИДПнын өсүшү 9% деңгээлинде болжолдонгон. Акыркы эсептөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча 2024-жылга карата ИДПнын такталган өсүшү 11,5% түздү. 2025-жылы да ушундай эле темп сакталып, 11 айдын жыйынтыгы боюнча өсүш 10,2%ды түздү. 2024-жылы ИДПнын такталган номиналдык көлөмү 1,6 трлн сомду түзсө, быйыл 1,8 трлн сомдон ашканы турат. Эч кимибиз эстен чыгара элекпиз, 2020-жылы номиналдык ИДП таз кейпин кийип, 639 млрд сомду түзгөн. Чукул аралыкта секирик жасап, өткөн жылы жан башына ИДП дээрлик 2 513 долларды түзүп, 2021-жылга салыштырмалуу 86%га көбөйгөн эле. 2025-жылы жагымдуу шарттарда, бул көрсөткүч 2 800 доллардан аша турганы анык болду. Баса белгилеп айта турганы бул триллиондук бюджет. Барыбыз уккан элек, 2027-жылга чейин триллиондук көрсөткүчкө жетүү милдети коюлган, бирок Министрлер Кабинети максатка мөөнөтүнөн мурда жетип, быйыл 1 триллион 93 миллиард сомду багындырды. Бул көрсөткүчтөр өлкөнүн экономикасы туруктуу өсүү жолуна түшкөнүн жана жүргүзүлүп жаткан реформалар реалдуу натыйжаларды берип жатканын тастыктайт. Баса, Эл аралык валюта фондунун маалыматы боюнча, 2024-жылы Кыргызстан ИДПнын реалдуу өсүү темпи боюнча дүйнөдөгү алдыңкы үч өлкөнүн катарына кирген, быйыл ЕАЭБде биринчи орунду ээледи.

### ЭНЕРГЕТИКАДАГЫ ИЙГИЛИК

2024-жылы жалпы энергия өндүрүү 117,8 МВтга чейин көбөйтүлүп, жалпы кубаттуулугу 48,8 МВт болгон 8 кичи ГЭС ишке киргенин билебиз. 2025-жылы 49 МВт кубаттуулуктагы 9 кичи ГЭС ишке киргизилди. Токтогул ГЭСин (1440 МВт) модернизациялоо жүргүзүлүп, Таш-Көмүр ГЭСиндеги гидроагрегаттар жаңыланууда. Өлкөнүн энергетикалык көз карандысыздыгын камсыз кылган Камбар-Ата-1ди кошо алганда, жаңы кичи ГЭСтер курулууда. 2026-жылы 17 кичи ГЭС, 2027-жылы 19 жаңы ГЭС курууу пландаштырылууда. Көзгө басары Камбар-Ата ГЭС-1дин курулушу бүтсө, өлкөнү энергетикалык көз карандысыздыкка алып келип, келечек муундар үчүн бекем пайдубал түзөрү анык.

### 700 млн ДОЛЛАРГА ЕВРООБЛИГАЦИЯ ЧЫГАРЫЛДЫ

"Президенттин «инвесторлордун артынан чуркашыбыз керек» деген чакырыгынын негизинде иш жүрүп, өлкөнүн эл аралык имиджин бекемдөө максатында бир топ маанилүү кадамдар жасалды. Тарыхта биринчи жолу рекорд жасап, үстүбүздөгү жылы Кыргызстан 700 млн долларга еврооблигация чыгарды. Бул кадам менен ири компанияларга эл аралык финансы рыногуна жол ачылды. Белгилеп айтсак, 50 млн токен чыгарылды. Алардын ар бири физикалык алтын менен камсыздалган жана 1 долларга барабар. Мындан тышкары, жылдын аягына чейин эл аралык биржалардын листингине киргизиле турган KG-ST улуттук стейблкоинин ишке киргизүү боюнча иштер улантылууда. Бул стейблкоин улуттук валютага - кыргыз сомуна барабар болот. Бул демилгелер сөзсүз түрдө Кыргызстандын глобалдык финансылык экосистемадагы позициясын бекемдейт. Алгачкы жыйынтыктар жаман эмес, Кыргызстанга болгон эл аралык ишеним артты. Эл аралык рейтингдик агенттиктер өлкөгө «В+» кредиттик рейтингин ыйгарышты. Бул жетишкендиктер Кыргызстандын эл аралык аренада ишенимдүү жана динамикалуу өнүгүп жаткан мамлекет катары таанылып жатканын далилдейт.

### ЧАКАН ЖАНА ОРТО БИЗНЕСТИ КОЛДОО КЕРЕК

Кыргызстандын азыркы өнүгүүсүндө чакан жана орто ишкердиктин ролу абдан чоң десек жаңылышпайбыз. Анткени, экономиканын түзүмү жана эмгек рыногу дал ушул секторго таянат. Байкаганыбыздай, мамлекет бизнести колдоо жана экономиканы өнүктүрүү боюнча бардык зарыл чараларды ишке ашырууда. Өзгөчө, акыркы жылдары мамлекеттик кепилдиктер системасы стратегиялык инвестицияларды тартуунун катализатору болуп калды. Мисалы, 2022–2025-жылдары улуттук экономиканын 18 субъектине 31,8 млрд сомго кепилдик берилген. 12 банк аркылуу чакан жана орто бизнеске 9,5 млрд сомдук пайызсыз насыя берилип, алуучулардын саны 11 860ты түздү. 2025-жылы «Чакан жана орто ишкердикти жеңилдетилген каржылоо» долбоору ишке киргизилип, анын алкагында ишкерлерге жылдык 12% жеңилдетилген нарк менен 500 млн сом каралган. Ошондой эле текшерүүлөрдөн бошотуу жана VIP-кызматтар сыяктуу артыкчылыктар берилген ак ниет ишкерлердин реестри түзүлдү. Ачыгын айтканда бул чоң жардам болду. Ушул жерде белгилей кетсек, "Кумтөрдүн" 2024-жылдагы таза кирешеси 397,4 млн долларды түзсө, 2025-жылдын 10 айында 421,8 млн долларга жетти. Ал эми "Кыргызалтын" 2025-жылдын 9 айында 17,5 млрд сомдон ашык киреше тапты.

### БАЛДАР – БИЗДИН БАКТЫБЫЗ

Көп балалуу энелерди жана балдарды колдоо үчүн "Бала береке" жана "Келечекке салым" программалары ишке ашырылып жатат. Быйыл программалардын алкагында 3 100 балага 548,3 млн сом которулду. Ошондой эле Президенттин демилгеси менен "Социалдык контракт" долбоорун ишке ашыруу улanууда. Үстүбүздөгү жылдын 8 айында долбоорго 9 миңге жакын арыз берилип, 8087 социалдык контракт түзүлдү. Түзүлгөн социалдык контракттын багыттарын карасак, айыл чарбасына эң чоң кызыгуу болуп 6067 долбоор түзүлдү. Ошондой эле кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө 712 долбоор, өндүрүштө 600, соода-сатык тармагында 467 долбоор түзүлүп, ийгиликтүү иштеп жатат.

### БИЛИМ МЕНЕН БИЙИКТИ БАГЫНДЫРАБЫЗ

Борбордогу жашоочуларга жагымдуу кабар десек болот, келерки жылы Бишкек шаарында 20 жаңы мектеп, Ош шаарында 10 жана Манас шаарында 6 мектеп курууу пландаштырылууда. Өзгөчө абалдагы мектептер толугу менен оңдолуп түзөлөт. Ал эми 12 жылдык окууга өтүү реформасы, билим берүү системасын санариптештирүү жана окуу программаларын жаңыртуу уланууда. Бардык окуу китептери электрондук китепканада жеткиликтүү болот. Биринчи жолу быйыл мамлекет тарабынан өлкө ичинде окуу китептерин чыгарууга 1 млрд сомго жакын каражат жумшалды, бул ички өндүрүштү бекемдөөгө жана тышкы жеткирүүчүлөргө көз карандылыкты азайтууга мүмкүндүк берди. Мындан тышкары, Президенттин ар бир мугалимди ноутбук менен камсыздоо боюнча тапшырмасы аткарылып жатат.

### СОЦИАЛДЫК САЯСАТТЫН АРТЫКЧЫЛЫГЫ

Социалдык багыттагы иштер да жигердүүлүккө өттү. 2024-жылы тармакка мамлекеттик бюджеттен 36,3 миллиард сом бөлүнгөн. 5 ири медициналык объект курулуп, аймактарда медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгү кеңейтилип, мекемелер тез жардам унаалары менен камсыздалды. Учурда 39 медициналык имараттын курулушу уланууда, 27 объект бүткөрүлдү, жаңы перинаталдык борборлорду курууу башталды. Заманбап медициналык жабдуулар, анын ичинде аймактар үчүн УЗИ аппараттары сатылып алынды. Бюджеттин эсебинен эки жылда бөйрөк алмаштыруу боюнча 45 операция жасалды.

### КУРУЛУШ ЖААТЫНДА РЕКОРД КОЙДУК

Курулуш сектору ишенимдүү өсүштү көрсөтүп жатканын баарыбыз байкап жатабыз. Атап айтсак, 2024-жылы 28,7%ды түзсө, 2025-жылы 29%га жетти. Социалдык объектилерди курууда олуттуу ийгиликтерге жетишилди. Быйыл 291 объект пайдаланууга берилди, анын ичинде 129 мектеп, 60 бала бакча, 26 саламаттыкты сактоо объектиси, 35 маданият жана спорт объектиси, ошондой эле башка багыттагы 41 объект. Ушул жылдын аягына чейин дагы 21 социалдык объектинин, анын ичинде 14 мектептин жана 5 бала бакчанын курулушун жана капиталдык оңдоп-түзөө иштерин аяктоо пландаштырылууда. Ошондой эле турак жай маселесине өзгөчө көңүл бурулууда. 2021-жылдан бери мамлекеттик ипотека менен 9 250 үй-бүлө турак жай менен камсыздалды, анын ичинен 2025-жылдын январь-ноябрь айларында эле 4 662 үй-бүлө ачкыч алды. 2025-жылы турак жай курууга 40,2 миллиард сом багытталган. Учурда 73 357 батирдин курулушу жүрүп жатат. Мамлекеттик ипотекалык компаниянын уставдык капиталы 1 миллиард долларга жетти. Баса, быйыл 1500 км асфальт-бетон төшөлүп, бул 2024-жылга салыштырмалуу эки эсе көп болду. Эң башкысы, Кытай–Кыргызстан–Өзбекстан темир жолун курууу иштери уланууда, ал эми Балыкчы – Кочкор темир жолунун тилкеси Кочкор шаарына чейин курулуп бүттү.

### АЙЫЛ ЧАРБАСЫ ЖАНА СПОРТ

Өткөн жылы айыл чарба продукциясынын көлөмү 395 миллиард сомду түзүп, өсүү 106,2%ды чапчыган. Быйылкы жылдын 11 айында айыл чарба өндүрүшү 437,4 миллиард сомго жетип, реалдуу өсүү 102%ды түздү. Социалдык маанидеги 9 продукциянын ичинен калк 6 позиция боюнча (сүт, картошка, жашылча, эт, жумуртка жана кант) толугу менен камсыздалган. 2024-жылы ирригацияга 1 миллиард сом бөлүнгөн болсо, 2025-жылдын 11 айында - 1,7 миллиард сомго жетти. Ал эми спортту мындан ары өнүктүрүү үчүн 2025-жылы Спорт боюнча мамлекеттик агенттик түзүлдү. Ушул жылы машыктыруучулардын эмгек акысы 30%га көбөйтүлдү. Спортко мамлекеттик чыгымдар туруктуу өсүштү көрсөтүүдө. 2020-жылы Сооронбай Жээнбековдун учурунда 800 млн сом болгон. 2024-жылы 2,2 млрд сомго жетип, 2025-жылы 2,5 млрд сомго чейин көтөрүлдү.

**Зулпукаар САПАНОВ**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН 2024-ЖЫЛДЫН 17-ИЮЛУНДАГЫ №191 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН "МЕНИН ҮЙҮМ" МАМЛЕКЕТТИК ТУРАК ЖАЙ ПРОГРАММАСЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ЖАРЛЫГЫНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

"Аскер кызматчыларынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-статьясынын он тогузунчу бөлүгүн ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 71-беренелерине ылайык **токтом кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 17-июлундагы №191 "Кыргыз Республикасынын "Менин үйүм" мамлекеттик турак жай программасын бекитүү жөнүндө" Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган Жарлык менен бекитилген Кыргыз Республикасынын "Менин үйүм" мамлекеттик турак жай программасынын катышуучуларын тандоо тартибинде:

– 4-пункттун 9-пунктчасы төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"– аскер кызматчыларына аскердик кызматты өтөө мезгилинде алардын аскердик кызматты өтөгөн жерине карабастан, катышуунун бардык белгиленген критерийлери жана Программага катышууга арыз берүүнүн тартиби сакталган учурда Программага катышуу укугу берилет.".

**2.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 24-декабры, №376***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЧҮЙ ОБЛУСУНУН АЛАМҮДҮН РАЙОНУНУН БАЙТИК БААТЫР АЙЫЛ АЙМАГЫНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕР ТИЛКЕСИН "АЙЫЛ ЧАРБА БАГЫТЫНДАГЫ ЖЕРЛЕР" КАТЕГОРИЯСЫНАН "КАЛКТУУ КОНУШТАРДЫН ЖЕРЛЕРИ" КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Аламүдүн районунун Байтик Баатыр айыл аймагында "Россия Федерациясынын биринчи Президенти Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университети мамлекеттер аралык жогорку билим берүү уюму" мекемесинин кампусун куруу максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесине, "Сугат айдоо жерлерин жана жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөргө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-пунктуна, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2025-жылдын 21-октябрындагы №01-12/1745 корутундусун, Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Аламүдүн районунун мамлекеттик администрациясынын 2025-жылдын 20-октябрындагы №01-8/361 тескемесин көңүлгө алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Аламүдүн районунун Байтик Баатыр айыл аймагындагы №1047 контурда (4,99 га бак), №1050 контурда (7,09 га сугат айдоо), №1054 контурда (5,68 га сугат айдоо), №1055 контурда (2,97 га сугат айдоо), №1056 контурда (6,37 га бак), №1175 контурда (0,72 га бак) жайгашкан, жалпы аянты 27,82 га, анын ичинде 25,38 га мамлекеттин менчигинде, 2,44 га жеке менчикте турган жер тилкеси "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Калктуу конуштардын жерлери" категориясына которулсун (трансформациялансын).

**2.** Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Аламүдүн районунун мамлекеттик администрациясы төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

1) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесине үчүнчү жактардын укуктарын токтотууну жана курулуш башталганга чейин аны мамлекеттик менчикке кабыл алууну;

2) Кыргыз Республикасынын айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы мыйзамдарына ылайык чарбалык жана башка иштерди жүзөгө ашыруудагы экологиялык талаптардын аткарылышын;

3) жерди эсепке алуу документтерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;

4) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесин максаттуу багыты боюнча пайдаланууну;

5) курулуш ченемдерин жана эрежелерин так сактоону эске алуу менен Кыргыз Республикасынын шаар куруу жана архитектура жаатындагы мыйзамдарына ылайык ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесинин шаар куруу документтерин иштеп чыгууну жана бекитүүнү;

6) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесинде жамгырдын жана эриген кардын сууларын коопсуз буруу системасынын иштөөсүн, башкы пландагы жер титирөөгө каршы иш-чаралардын жана тийиштүү процесстерге жана кулуштарга мониторинг жүргүзүү, божомолдоо боюнча колдонмону сактоону;

7) жеке каражаттардын эсебинен айлактын жашоо-тиричилигин камсыз кылуу системасынын иштөөсүн жана өнүгүүсүн, социалдык-экономикалык өнүгүүнү уюштурууну;

8) Кыргыз Республикасынын тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жөнүндө мыйзамдарына ылайык тарыхый-маданий мурас объекттерин күтүүнү жана коргоону, ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесинде казуу жана курулуш иштерин жүргүзүүдө археологиялык көзөмөл үчүн адис-археологду тартууну;

9) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкеси пайдаланылбаган же максаттуу багыты боюнча пайдаланылбаган учурда аны алып коюуну жана баштапкы абалга келтирүүнү караган чараларды көрүүнү;

10) "Автомобиль жолдору жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык автомобиль жолунун бөлүнгөн тилкесин сактоону;

11) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесинин аянтын калыбына келтирүүнү, асылдуулугу төмөн жерлерге талдоо жүргүзүүнү жана аларды айыл чарба жүгүртүүсүнө киргизүүнү;

12) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык санитардык-эпидемиологиялык эрежелерди жана ченемдерди сактоону;

13) айыл чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын жана алынбай калган пайданын ордун толтуруу наркын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык төлөөнү.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 24-декабры, №822***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2024-ЖЫЛДЫН 12-ИЮНУНДАГЫ №304 "МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРДЫН ЖАНА АЛАРДЫН ВЕДОМСТВОЛУК МЕКЕМЕЛЕРИНИН МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨРҮНҮН БИРДИКТҮҮ РЕЕСТРИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Жеке жана юридикалык жактарга мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу максатында, "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июнундагы №304 "Мамлекеттик органдардын жана алардын ведомстволук мекемелеринин мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрүнүн бирдиктүү реестрин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Мамлекеттик органдардын жана алардын ведомстволук мекемелеринин мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрүнүн бирдиктүү реестринде:

- 3-главанын 3-пунктунда "Акы төлөнөт" деген сөздөр "Акысыз" деген сөзгө алмаштырылсын;

– 4-глава:

72-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 72 | Диний уюмдарды, диний окуу жайларды, миссияларды, миссионерлерди, диний багыттагы объекттерди, диний кайрымдуулук фонддорун жана диний насаатчыларды эсептик каттоо жөнүндө күбөлүктөрдүн дубликатын берүү | ДИЭМУА | ДИЭМУА | Акы төлөнөт |

";

төмөнкүдөй мазмундагы 83, 84, 85-пункттар менен толукталсын:

"

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 83 | Диний насаатчыларды эсептик каттоо/кайра каттоо жөнүндө күбөлүктөрдү берүү | ДИЭМУА | ДИЭМУА | Акы төлөнөт |
| 84 | Диний багыттагы объекттерди эсептик каттоо/кайра каттоо жөнүндө күбөлүктөрдү берүү | ДИЭМУА | ДИЭМУА | Акы төлөнөт |
| 85 | Диний кайрымдуулук фонддорун эсептик каттоо/кайра каттоо жөнүндө күбөлүктөрдү берүү | ДИЭМУА | ДИЭМУА | Акы төлөнөт |

";

- 5-главанын 38, 39-пункттары төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 38 | Продукциянын фитосанитардык абалын жана анын белгиленген талаптарга шайкештигин баалоо максатында карантиндик жана жөнгө салынуучу карантиндик эмес зыяндуу организмдерди табуу жана идентификациялоо үчүн үлгүлөргө (сынамдарга) карантиндик фитосанитардык экспертиза жүргүзүү | САЧКӨМ | САЧКӨМ | Акы төлөнөт |
| 39 | Карантинге алынуучу продукциянын баруучу өлкөнүн карантиндик фитосанитардык талаптарына шайкештигин тастыктоо үчүн фитосанитардык жана реэкспорттук фитосанитардык сертификаттарды берүү | САЧКӨМ | САЧКӨМ | Акы төлөнөт |

";

- 8-главанын 1, 5-пункттары күчүн жоготту деп таанылсын.

**2**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 24-декабры, №823***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2021-ЖЫЛДЫН 17-МАРТЫНДАГЫ №98 "ЖАРАНДЫК ЖАНА ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ИШТЕР БОЮНЧА ӨЗ АРА УКУКТУК ЖАРДАМ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ ЭЛ АРАЛЫК КЕЛИШИМДЕРДИН АЛКАГЫНДА ТҮЗДӨН-ТҮЗ ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮНҮ ИШКЕ АШЫРУУГА ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРДЫ АНЫКТОО ТУУРАЛУУ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Эл аралык келишимдерден келип чыгуучу Кыргыз Республикасынын эл аралык милдеттенмелеринин аткарылышын камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 23-июнундагы №187 "Кыргыз Республикасында аткаруу өндүрүшүнүн системасын жана сот аткаруучулардын ишин өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгын ишке ашыруунун алкагында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 17-мартындагы №98 "Жарандык жана үй-бүлөлүк иштер боюнча өз ара укуктук жардам маселелери жөнүндө эл аралык келишимдердин алкагында түздөн-түз өз ара аракеттенүүнү ишке ашырууга ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарды аныктоо тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 1-пунктта түрдүү жөндөмөлөрдөгү "Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаменти" деген сөздөр тиешелүү жөндөмөлөрдө "Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына караштуу Сот аткаруучулар кызматы" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 24-декабры, №824***

## 2025-ЖЫЛДЫН 7-НОЯБРЫНДА БИШКЕК ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН, 2014-ЖЫЛДЫН 24-НОЯБРЫНДАГЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ МЕНЕН РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ОРТОСУНДАГЫ РОССИЯ-КЫРГЫЗ ӨНҮКТҮРҮҮ ФОНДУ ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУНУН 6-БЕРЕНЕСИН КОЛДОНУУ ТУУРАЛУУ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ МЕНЕН РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ОРТОСУНДАГЫ ПРОТОКОЛДУ БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Мамлекеттик ички жол-жоболорду аткаруу максатында, "Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** 2025-жылдын 7-ноябрында Бишкек шаарында кол коюлган, 2014-жылдын 24-ноябрындагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн ортосундагы Россия-Кыргыз өнүктүрүү фонду жөнүндө макулдашуунун 6-беренесин колдонуу тууралуу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн ортосундагы тиркелген протокол бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги жогоруда көрсөтүлгөн Протоколдун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылгандыгы жөнүндө россия тарапка кабарласын.

**3.** 2014-жылдан тартып 2017-жылды кошуп алган мезгилге чейин жумуш берүүчү катары Россия-Кыргыз өнүктүрүү фонду тарабынан төлөнгөн мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрү ыктыярдуу болуп саналат жана кайтарылбайт.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 24-декабры, №825***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КЕСИПТИК ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫН КАЙРА УЮШТУРУУНУН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Финансылык, материалдык жана интеллектуалдык ресурстарды консолидациялоо, билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнүн дүйнөлүк рыногунда Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүүсүнүн мамлекеттик билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 11-сентябрындагы №256 "Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө" Жарлыгын ишке ашыруу үчүн, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 92-статьясына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** "Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети" мекемеси ага төмөнкүлөрдү кошуу жолу менен кайра уюштурулсун:

1) "Баткен мамлекеттик университети" мекемесин;

2) "Талас мамлекеттик университети" мекемесин;

3) "Сатыбалды Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети" мекемесин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 18-февралындагы №86 "Кыргыз Республикасынын Баткен облусунун калкына мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Баткен облусунун калкына мамлекеттик органдар тарабынан акысыз же жеңилдетилген негизде көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызматтардын тизмесинде:

– 5-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 5 | Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги | Ден соолугу начар балдарды белгиленген окуу милдетинен тышкары башталгыч, негизги жана жалпы орто билим берүүнүн негизги жалпы билим берүү программалары боюнча үйдөн окутууну уюштуруу | Бакалавр квалификациясын ыйгаруу менен педагогикалык жогорку билимдүү мугалимдин бир сааттык эмгек акысынын өлчөмү – 87,80 сом | Акысыз |

";

– төмөнкүдөй мазмундагы $5^1$-пункт менен толукталсын:

"

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| $5^1$ | Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги | Жалпы орто билим берүүнүн базасында белгиленген квотадан (мамлекеттик заказдан) тышкары (окутуунун күндүзгү формасында) кесиптик орто билим берүү | Кызыл-Кыя медициналык колледжи: контракт – 27 000 сом; Т. Кулатов атындагы Кызыл-Кыя кен техникалык инновация жана экономика колледжи: контракт – 16 800 сом; Сүлүктү педагогикалык колледжи: контракт – 16 000 сом | Окуп жаткандардын 10%ы үчүн 50% арзандатуу жана жетим балдардын жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдардын, социалдык-аялуу үй-бүлөлөрдөгү балдардын жана эң жакшы бааларга окуган студенттердин арасынан окуп жаткандардын 15%ы үчүн 25% арзандатуу: Кызыл-Кыя медициналык колледжи: 50% – 13 500 сом; 25% – 20 250 сом; Т. Кулатов атындагы Кызыл-Кыя кен техникалык инновация жана экономика колледжи: 50% – 8 400 сом; 25% – 12 600 сом; Сүлүктү педагогикалык колледжи: 50% – 8 000 сом; 25% – 12 000 сом |
| | | Бакалавр даярдоо программалары боюнча белгиленген квотадан (мамлекеттик заказдан) тышкары окутуунун күндүзгү формасында кесиптик жогорку билим берүү | Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети (Баткен облусунда жайгашкан түзүмдүк бөлүмдөр): контракт – 26 400 сом | Окуп жаткандардын 10%ы үчүн 50% арзандатуу жана жетим балдардын жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдардын, социалдык-аялуу үй-бүлөлөрдөгү балдардын жана эң жакшы бааларга окуган студенттердин арасынан окуп жаткандардын 15%ы үчүн 25% арзандатуу: Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети (Баткен облусунда жайгашкан түзүмдүк бөлүмдөр) 50% – 13 200 сом; 25% – 19 800 сом |

".

**3.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1996-жылдын 19-июлундагы №331 "Нарын мамлекеттик университетин түзүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин 1996-жылдын 22-майындагы Жарлыгын ишке ашыруу боюнча чаралар тууралуу" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 4-сентябрындагы №545 "Баткен мамлекеттик университетин түзүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2000-жылдын 25-июлундагы Указын турмушка ашыруу тууралуу" токтому;

3) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 4-сентябрындагы №546 "Талас мамлекеттик университетин түзүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2000-жылдын 25-июлундагы Указын турмушка ашыруу тууралу" токтому;

4) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 27-августундагы №377 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жана күчүн жоготту деп табуу жөнүндө" токтомунун 10-пункту;

5) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-декабрындагы №786 "Нарын мамлекеттик университетине Сатыбалды Нааматовдун ысмын ыйгаруу жөнүндө" токтому.

**4.** Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги:

1) "Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети" мекемесинин уставын бекитсин;

2) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн кайра уюштурулуучу билим берүү уюмдарынын өткөрүп берүү актыларын бекитсин;

3) белгиленген тартипте "Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети" мекемесин мамлекеттик кайра каттоону жүргүзсүн;

4) окуу процессин үзгүлтүксүз уюштурууну камсыз кылсын;

5) өз чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин;

6) бул токтомдон келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

**5.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн билим берүү уюмдарынын мамлекеттик билим берүү гранттарын каржылоону тиешелүү жылдарга республикалык бюджетте каралган каражаттардын чегинде жүзөгө ашырсын.

**6.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**7.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 24-декабры, №826***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНАН ЖЫГАЧТЫ ЖАНА ЖЫГАЧ МАТЕРИАЛДАРЫН ЕВРАЗИЯ ЭКОНОМИКАЛЫК БИРЛИГИНИН БАЖЫ АЙМАГЫНЫН ЧЕГИНЕН ТЫШКАРЫ ТАШЫП ЧЫГУУГА (ЭКСПОРТТООГО) УБАКТЫЛУУ ТЫЮУ САЛУУНУ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимдин 47-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** ЕАЭБ ТЭИ ТН 4401, 4403, 4407 коду менен классификациялануучу жыгачты жана жыгач материалдарын Кыргыз Республикасынан Евразия экономикалык бирлигинин бажы аймагынын чегинен тышкары (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан көрсөтүлүүчү гуманитардык жардамды кошпогондо) ташып чыгууга (экспорттоого) ушул токтом күчүнө кирген датадан тартып үч күн өткөндөн кийин киргизилүүчү алты айлык мөөнөткө убактылуу тыюу салуу белгиленсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги Дүйнөлүк соода уюмунун катчылыгына жана Евразия экономикалык комиссиясына ушул токтомдун 1-пунктуна ылайык убактылуу тыюу салуу киргизилгендиги жөнүндө белгиленген тартипте кабарласын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги ушул токтом күчүнө кирген датадан тартып үч күндөн кечиктирбестен Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин Аткаруу комитетине убактылуу тыюу салуу киргизилгендиги жөнүндө кабарласын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматы ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн товарларды мыйзамсыз ташып чыгууга бөгөт коюуга багытталган зарыл чараларды көрсүн.

**5.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 28-майындагы №283 "Кыргыз Республикасынан жыгачты жана жыгач материалдарын Евразия экономикалык бирлигинин бажы аймагынын чегинен тышкары ташып чыгууга (экспорттоого) убактылуу тыюу салууну киргизүү жөнүндө" токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

**6.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**7.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер**
**Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 24-декабры, №828***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН ИШ БАШКАРМАСЫ ЖАНА ВЕДОМСТВОЛУК МЕКЕМЕЛЕРИ ТАРАБЫНАН КӨРСӨТҮЛҮҮЧҮ МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨРДҮН СТАНДАРТТАРЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН ИШ БАШКАРМАСЫНЫН

## БУЙРУГУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу "Кызмат" мамлекеттик мекемеси тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатуу боюнча милдеттерди ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 3-сентябрындагы №603 "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн типтүү стандарты жөнүндө" токтомунун 1, 2-пункттарына ылайык, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы №115 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө" токтомунун 1-тиркемесинин 2-пунктуна ылайык **буйрук кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июнундагы №304 токтому менен бекитилген, мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрүнүн бирдиктүү реестрине (мындан ары – БР) киргизилген, Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы жана ведомстволук мекемелери тарабынан жеке жана юридикалык жактарга көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн төмөнкү стандарттары ушул буйруктун тиркемелерине ылайык бекитилсин:

1) Туулгандыгын каттоо (1-тиркеме БРнын 4-главасынын 16-пунктуна ылайык);

2) Жаңы төрөлгөн балдарды салтанаттуу каттоону жүргүзүү (2-тиркеме БРнын 4-главасынын 17-пунктуна ылайык);

3) Никеге турууну каттоо (3-тиркеме БРнын 4-главасынын 18-пунктуна ылайык);

4) Никеге турууну салтанаттуу каттоону жүргүзүү (4-тиркеме БРнын 4-главасынын 19-пунктуна ылайык);

5) Никени бузууну каттоо (5-тиркеме БРнын 4-главасынын 20-пунктуна ылайык);

6) Өлүмдү каттоо (6-тиркеме БРнын 4-главасынын 21-пунктуна ылайык);

7) Фамилиясын, атын жана атасынын атын өзгөртүүнү каттоо (7-тиркеме БРнын 4-главасынын 22-пунктуна ылайык);

8) Фамилиясын, атын, атасынын атын өзгөртүүнү тез арада каттоо (8-тиркеме БРнын 4-главасынын 23-пунктуна ылайык);

9) Жарандык абалдын актыларын каттоо тууралуу күбөлүктөрдү, маалымкаттарды, билдирүүлөрдү, жарандык абалдын актыларынын көчүрмөлөрүн кайталап берүү (9-тиркеме БРнын 4-главасынын 24-пунктуна ылайык);

10) Жарандык абалдын актыларынын жазуусуна оңдоолорду, толуктоолорду киргизүү (10-тиркеме БРнын 4-главасынын 25-пунктуна ылайык);

11) Жарандык абалдын актыларынын жазуусуна оңдоолорду, толуктоолорду тез арада киргизүү (11-тиркеме БРнын 4-главасынын 26-пунктуна ылайык);

12) Чет өлкөлүк жарандарга жана жарандыгы жок адамдарга жашап туруу үчүн уруксат жана убактылуу уруксатты тариздөө, узартуу (12-тиркеме БРнын 4-главасынын 28-пунктуна ылайык);

13) Кыргыз Республикасынын жарандарына, чет өлкөлүк жарандарга жана жарандыгы жок адамдарга чек ара аймагына кыска убакытка келүүсү үчүн уруксаттарды тариздөө (13-тиркеме БРнын 4-главасынын 29-пунктуна ылайык);

14) ID-card формасындагы паспорттор менен Кыргыз Республикасынын жарандарын документтештирүү: алмаштыруу, бузулгандыгы, жоголгон паспортту калыбына келтирүү, эркиндигинен ажыратуучу жайдан бошогондугу боюнча, Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу боюнча (14-тиркеме БРнын 4-главасынын 30-пунктуна ылайык);

15) Кыргыз Республикасынын жарандарын жалпы жарандык паспорттор түрүндөгү паспорттор менен документтештирүү (15-тиркеме БРнын 4-главасынын 31-пунктуна ылайык);

16) ID-card жана жалпы жарандык паспорттор түрүндөгү паспорттор менен Кыргыз Республикасынын жарандарын тез арада документтештирүү (16-тиркеме БРнын 4-главасынын 32-пунктуна ылайык);

17) Улуттук паспортторду жана жарандык абалдын актыларын мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктөр менен көчме документтештирүү (17-тиркеме БРнын 4-главасынын 33-пунктуна ылайык);

18) Кыргыз Республикасынын жарандыгына таандыктыгын аныктоо (18-тиркеме БРнын 4-главасынын 34-пунктуна ылайык);

19) Улутун өзгөртүү (19-тиркеме БРнын 4-главасынын 35-пунктуна ылайык);

20) Чет мамлекеттик паспортту же аны алмаштыруучу документти каттоо же каттоонун жарактуулук мөөнөтүн узартуу (Кыргыз Республикасынын аймагында чет өлкөлүк жарандары жана жарандыгы жок адамдарды каттоо) (20-тиркеме БРнын 4-главасынын 36-пунктуна ылайык);

21) Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу жана Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыгуу маселелери боюнча документтерди кабыл алуу (21-тиркеме БРнын 4-главасынын 37-пунктуна ылайык);

22) Жарандыгы жок адамдын статусун аныктоо (22-тиркеме БРнын 4-главасынын 38-пунктуна ылайык);

23) Жарандыгы жок адамдын күбөлүктөрүн берүү (23-тиркеме БРнын 4-главасынын 39-пунктуна ылайык);

24) Кыргыз Республикасынын жарандарын жашаган жана барган жери боюнча каттоо (24-тиркеме БРнын 4-главасынын 40-пунктуна ылайык);

25) Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары туруктуу жашоо үчүн чыккан Кыргыз Республикасынын жарандарын каттоочу эсептен чыгаруу (25-тиркеме БРнын 4-главасынын 41-пунктуна ылайык);

26) Табылган буюмдар бюросунун маалымкаттарды берүүсү (26-тиркеме БРнын 4-главасынын 42-пунктуна ылайык);

27) Жарандык, калкты каттоо, документтештирүү жана жарандык абалдын актылары жөнүндө маалыматтарды ырастоо (27-тиркеме БРнын 6-главасынын 33-пунктуна ылайык);

28) Жарандык, каттоо, калкты документтештирүү жана жарандык абалдын актылары жөнүндө маалыматтарды тез арада ырастоо (28-тиркеме БРнын 6-главасынын 34-пунктуна ылайык);

29) Кыргыз Республикасынын жарандарынын улуттук паспортторунун мамлекеттик реестринен банктарга, банктык эмес финансы-кредиттик уюмдарга, кредиттик бюролорго, нотариалдык контораларга жана жеке нотариустарга, мобилдик уюлдук байланыш операторлоруна, төлөм системаларынын операторлоруна, төлөм уюмдарына жана аккредиттелген күбөлөндүрүүчү борборлорго Кыргыз Республикасынын жарандарынын улуттук паспортторунун жарактуулугу жана жараксыздыгы жөнүндө маалыматты берүү (29-тиркеме БРнын 6-главасынын 35-пунктуна ылайык).

**2.** Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу "Кызмат" мамлекеттик мекемеси:

– ушул буйрук менен бекитилген мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын сактоону камсыз кылсын;

– мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын маалымат такталарына жайгаштырсын.

**3.** Маалыматташтыруу жана телекоммуникациялар бөлүмү ушул буйруктун "Эркин-Тоо" гезитинде жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасынын расмий веб-сайтында расмий жарыяланышын камсыз кылсын.

**4.** Документтик камсыздоо жана контролдоо бөлүмү:

– ушул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде көчүрмөсүн (мамлекеттик жана расмий тилдерде, кагаз жана электрондук алып жүрүүчүдө жарыяланган булагын көрсөтүү менен эки нускада) Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн;

– ушул буйрук күчүнө кирген күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде көчүрмөсүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына маалымат үчүн жөнөтсүн;

– ушул буйрукту түзүмдүк жана ведомстволук мекемелердин жетекчилерине жеткирсин.

**5.** Ушул буйрук менен бекитилген мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын иштеп чыгуу (туюнтулушун, мазмунун, терминдерди, санариптик маалыматтарды жана башка параметрлерди колдонууну кошкондо) үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу "Кызмат" мамлекеттик мекемеси жоопту деп эсептелсин.

**6.** Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып жети жумуш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**7.** Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкаруучусунун орун басары А.Б. Раимбековго жүктөлсүн.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президентинин**
**Иш башкаруучусу К.ТУМАНБАЕВ**

*Бишкек ш., 2025-жылдын 12-декабры, №305*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙМАГЫНА ЭЛЕКТРОНДУК СИГАРЕТАЛАРДЫ ТАШЫП КЕЛҮҮГӨ УБАКТЫЛУУ ТЫЮУ САЛУУНУ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын жарандарынын ден соолугун тамекинин, никотинди керектөөнүн кесепеттеринен жана айланадагы тамеки түтүнүнүн жана аэрозолдун таасиринен коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15¹-беренесин ишке ашыруу максатында, 2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимдин 29, 47-беренелерине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын аймагына төмөнкү товарларды ташып келүүгө алты айлык мөөнөткө убактылуу тыюу салуу белгиленсин:

– ЕАЭБ ТЭИ ТН 2404 12 000 0 коду боюнча классификациялануучу, бир корпуста никотин суюктугу бар электрондук сигареталарды жана никотинди жеткирүү системаларын;

– электрондук сигареталарда колдонуу үчүн арналган, ошондой эле ЕАЭБ ТЭИ ТН 2404 12 000 0 коду боюнча классификациялануучу картриджлердерди, резервуарлардагы жана башка контейнерлердеги никотинди камтыган суюктуктарды.

**2.** Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги Дүйнөлүк соода уюмуна жана Евразия экономикалык комиссиясына ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн тыюу салуу киргизилгендиги жөнүндө белгиленген тартипте кабарласын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин Аткаруу комитетине ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн тыюу салуу киргизилгендиги жөнүндө белгиленген тартипте кабарласын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы жана Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматы ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн товарларды мыйзамсыз ташып келүүгө бөгөт коюуга багытталган зарыл чараларды көрсүн.

**5.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 2-июлунан №387 "Кыргыз Республикасынын аймагына электрондук тамекилерди ташып келүүгө убактылуу тыюу салуу жөнүндө" токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

**6.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**7.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

*Бишкек ш., 2025-жылдын 22-декабры, №818*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2017-ЖЫЛДЫН 18-АВГУСТУНДАГЫ №506 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АСКЕРДИК СОТТОРУНУН ЖОЮЛУШУНА БАЙЛАНЫШТУУ АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕР ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын аскердик сотторунда аскердик кызмат өтөгөн аскер кызматчылардын социалдык укуктарын камсыз кылуу максатында, "Аскер кызматкерлерин пенсия менен камсыз кылуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 65-статьясына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-августундагы №506 "Кыргыз Республикасынын аскердик сотторунун жоюлушуна байланыштуу айрым маселелер жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 9-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

"– аскердик соттордо аскердик кызмат өтөгөн, "Аскер кызматкерлерин пенсия менен камсыз кылуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык пенсия алып жаткан аскер кызматчыларын маяналары төмөнкүдөй кызмат орундарынын маяналарына теңештирилет:

Кыргыз Республикасынын Аскердик сотунун финансы жана материалдык камсыздоо бөлүмүнүн башчысы – Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин өзүнчө бөлүмүнүн башчысына;

Кыргыз Республикасынын Аскердик сотунун канцеляриясынын башчысы – Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин башкармалыгындагы бөлүмдүн башчысына;

Кыргыз Республикасынын Баткен гарнизонунун Аскердик сотунун канцеляриясынын башчысы – Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин офицерине;

Кыргыз Республикасынын Ош гарнизонунун Аскердик сотунун канцеляриясынын башчысы – Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин офицерине;

Кыргыз Республикасынын Бишкек гарнизонунун Аскердик сотунун канцеляриясынын башчысы – Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин офицерине;

Кыргыз Республикасынын Балыкчы гарнизонунун Аскердик сотунун канцеляриясынын башчысы – Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин офицерине;

Кыргыз Республикасынын Аскердик сотунун сот жыйынынын улук катчысы – старшиналык, сержанттык жана катардагы курамдардын кызмат орундарында контракт боюнча аскердик кызмат өтөп жаткан прапорщиктердин жана аскер кызматчылардын аскердик кызмат орду боюнча маянасынын 7-разряддагы тарифтик торчосуна;

Кыргыз Республикасынын Аскердик сотунун финансы жана материалдык камсыздоо бөлүмүнүн башчысынын жардамчысы – старшиналык, сержанттык жана катардагы курамдардын кызмат орундарында контракт боюнча аскердик кызмат өтөп жаткан прапорщиктердин жана аскер кызматчылардын аскердик кызмат орду боюнча маянасынын 8-разряддагы тарифтик торчосуна;

Кыргыз Республикасынын Аскердик сотунун улук айдоочусу – старшиналык, сержанттык жана катардагы курамдардын кызмат орундарында контракт боюнча аскердик кызмат өтөп жаткан прапорщиктердин жана аскер кызматчылардын аскердик кызмат орду боюнча маянасынын 8-разряддагы тарифтик торчосуна;

Кыргыз Республикасынын гарнизонунун Аскердик сотунун улук айдоочусу – старшиналык, сержанттык жана катардагы курамдардын кызмат орундарында контракт боюнча аскердик кызмат өтөп жаткан прапорщиктердин жана аскер кызматчылардын аскердик кызмат орду боюнча маянасынын 4-разряддагы тарифтик торчосуна;

Кыргыз Республикасынын гарнизонунун Аскердик сотунун айдоочусу – старшиналык, сержанттык жана катардагы курамдардын кызмат орундарында контракт боюнча аскердик кызмат өтөп жаткан прапорщиктердин жана аскер кызматчылардын аскердик кызмат орду боюнча маянасынын 2-разряддагы тарифтик торчосуна;

Кыргыз Республикасынын гарнизонунун Аскердик сотунун сот жыйынынын улук катчысы – старшиналык, сержанттык жана катардагы курамдардын кызмат орундарында контракт боюнча аскердик кызмат өтөп жаткан прапорщиктердин жана аскер кызматчылардын аскердик кызмат орду боюнча маянасынын 7-разряддагы тарифтик торчосуна.".

**2.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги, Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлиги ушул токтомдон келип чыгуучу чараларды көрсүн.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

*Бишкек ш., 2025-жылдын 23-декабры, №819*

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ЧЕК АРАСЫН КАЙТАРУУДА КОЛДОНУЛУУЧУ АТАЙЫН КАРАЖАТТАРДЫН ТИЗМЕГИН ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ЧЕК АРАСЫН КАЙТАРУУДА ПАЙДАЛАНЫЛУУЧУ АТАЙЫН КАРАЖАТТАРДЫ КОЛДОНУУНУН ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек арасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 31-беренесин ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек арасын кайтарууда колдонулуучу атайын каражаттардын тизмеги 1-тиркемеге ылайык;

2) Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек арасын кайтарууда пайдаланылуучу атайын каражаттарды колдонуу тартиби 2-тиркемеге ылайык.

**2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 26-февралындагы №90 "Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек арасын кайтарууда атайын каражаттарды колдонуунун тартибин жана тизмегин бекитүү жөнүндө" токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 24-декабры, №820***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2015-ЖЫЛДЫН 28-ДЕКАБРЫНДАГЫ №885 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙМАГЫНДА КООПТУУ КАЛДЫКТАР МЕНЕН ИШТӨӨ ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Иштетилген аккумулятордук батареяларды жана майлоочу майларды коопсуз чогултууну, сактоону, эсепке алууну жана утилдештирүүнү камсыз кылуу, Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимге, Бажы бирлигинин 030/2012 "Майлоочу материалдарга, майларга жана атайын суюктуктарга карата талаптар жөнүндө" техникалык регламентине ылайык келтирүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 28-декабрындагы №885 "Кыргыз Республикасынын аймагында кооптуу калдыктар менен иштөө тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын аймагында кооптуу калдыктар менен иштөө тартибинде:

– 24-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"24. Иштетилген аккумулятордук батарея (мындан ары – АКБ) – бул автомобилдердин, электромобилдердин, гибриддик автотранспорттун, электросамокаттардын, темир жол, аба, суу транспортунун, ошондой эле атайын жана башка техниканын (щелочтуу, никель-металлогидриддик жана литий-иондук) АКБлары, алар керектөө касиеттерин жоготкондон кийин өзүнүн түздөн-түз арналышы боюнча пайдаланылышы мүмкүн эмес.";

– 25-пункттагы "чогултууга, сактоого, эсепке алынат жана кайра иштетүүгө берилет" деген сөздөр "чогултулууга, сакталууга, эсепке алынууга, кайра иштетилүүгө, жаңы АКБга алмаштырылууга тийиш" деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 26-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"26. Иштетилген АКБны чогултуу алардын пайда болгон жерлеринде: ТТС, автосервистерде, соода-базар комплекстеринде, кабыл алуу пункттарында, чогултуучу уюмдарда жана башка чарба жүргүзүүчү субъекттерде жүргүзүлөт. Аларды чогултуу өндүрүштүн жана керектөөнүн башка калдыктарынан өзүнчө ишке ашырылат.";

– 34-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"34. Төгүлүп калган учурда төгүлгөн электролитти жыгачтын таарындылары менен жаап, кийин аларды чогултуп, сактоочу жайдан чыгарып салуу керек. Электролит төгүлгөн жерлерди атайын эритме менен тазалоо зарыл, андан кийин суу менен жууп, чүпүрөк менен кургатуу керек. Бардык жумушту жеке коргонуу каражаттары менен аткаруу керек. Электролитти канализацияга төгүүдөн мурда, аны атайын эритме менен тазалоо керек.";

– төмөнкүдөй мазмундагы $35^1$–$35^6$-пункттар менен толукталсын:

"$35^1$. Ушул Тартиптин 26-пунктунда көрсөтүлгөн чарба жүргүзүүчү субъекттер иштетилген АКБлардын эсебин жүргүзүүнү камсыз кылууга, ошондой эле айлана-чөйрөнү коргоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органга жана мамлекеттик статистика органына алардын саны жана "Өндүрүш жана керектөө калдыктары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык кайра иштетүүгө өткөрүлүшү жөнүндө отчетту тапшырууга милдеттүү.

$35^2$. Щелочтуу АКБны ажыратуудан мурун электролит эритмесин коопсуз идишке куюп, атайын эритме менен тазалоо керек.

$35^3$. АКБны кайра иштетүү калдыксыз алдыңкы технологиялар боюнча экологиялык коопсуз ыкмада жүргүзүлүшү керек.

$35^4$. Иштетилген АКБнын пластик, темир, коргошун, никель, литий, кадмий жана башка материалдардан калган бөлүктөрү максималдуу түрдө чыгарылып, экинчилик калдыктарды пайда кылбастан кайра иштетилүүгө тийиш.

$35^5$. Иштетилген АКБны, анын айрым бөлүктөрүн катуу тиричилик калдыктары жайгашкан жерлерге таштоого тыюу салынат.

$35^6$. АКБны жана башка калдыктарды чогултуу, зыянсыздандыруу, ташуу жана кайра иштетүү менен байланышкан ишти жүзөгө ашыруучу адистештирилген ишканалардын лицензиясы болушу керек жана алар "Өндүрүш жана керектөө калдыктары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык айлана-чөйрөнү коргоо боюнча ыйгарым укуктуу орган тарабынан бекитилген кайра иштетүүчүлөрдүн реестринде турушу керек.";

– 36, 37-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"36. Иштетилген мунай заттары (мындан ары – ИМЗ) болуп пайдалануучулук касиеттерин жоготкон, анын ичинде жумушчу системалардан төгүлгөн, калдыктар катары классификацияланган жана майлоочу материалдарды, майларды жана атайын суюктуктарды алуу максатында гана кайра иштетүүгө (утилдештирүүгө) тийиш болгон майлоочу материалдар, майлар жана атайын суюктуктар саналат.

ИМЗнын сапат паспорту – лабораториялык сыноолордун натыйжасында алынган иштелип чыккан продукциянын сапатынын көрсөткүчтөрүнүн сандык маанилеринин ченемдик документтердин талаптарына шайкештигин белгилөөчү жана даярдоочу тарабынан берилүүчү документ.

ИМЗ менен иш жүргүзүү Бажы биргилинин 030/2012 "Майлоочу материалдарга, майларга жана атайын суюктуктарга карата талаптар жөнүндө" техникалык регламентинин талаптарына жана ченемдерине шайкеш келүүгө тийиш.

37. ИМЗ төмөнкүдөй топторго бөлүнөт:

ИММ – поршендүү авиациялык, карбюратордук жана дизелдик кыймылдаткычтар үчүн иштетилген мотор майлары, компрессордук, вакуумдук жана индустриялык майлар;

ИИМ – гидросистемалар үчүн индустриалдык иштетилген майлар жана жумуш суюктуктары, газтурбиналык, прибордук, трансформатордук жана турбиналык, компрессордук, гидравликалык, коррозияга каршы, электр изоляциялык майлар;

ИМА – иштетилген мунай заттарынын аралашмасы, анын ичинде мунайды жууп-тазалоочу суюктуктар, металлдарды термикалык иштетүүдө колдонулган майлар, цилиндрдик, октук, трансмиссиялык майлар, прокаттык стандар үчүн майлар, мунай эмульсияларын иштетүүдөн алынган мунай заттары, мунайлуу суулардан жана тазалоочу курулмалардан алынган жана ташуу, сактоо каражаттарын тазалоодо чогултулган мунай жана мунай заттарынын аралашмалары; атайын суюктуктар – муздатуучу суюктуктар (анын ичинде майлоочу-муздатуучу суюктуктар), тормоз суюктуктары.";

– 38-пункттагы "иштетилген мунай заттарын" деген сөздөр "ИМЗ" аббревиатурасына алмаштырылсын;

– 39–41-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"39. ИМЗны алгачкы чогултуу алардын пайда болгон жерлеринде: ТТС, автосервистерде, май алмаштыруучу пункттарда, соода-базар комплекстеринде, кабыл алуу пункттарында, чогултуучу уюмдарда жана башка жайларда башка калдыктардан өзүнчө жана атайын жылчыксыз жабылган идиштерде жүргүзүлүүгө тийиш.

40. Ушул Тартиптин 39-пунктунда көрсөтүлгөн чарба жүргүзүүчү субъекттер пайда болгон ИМЗнын эсебин жүргүзүүгө, ошондой эле айлана-чөйрөнү коргоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органга жана мамлекеттик статистика органына алардын саны жана "Өндүрүш жана керектөө калдыктары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык кайра иштетүүгө өткөрүлүшү жөнүндө отчетту тапшырууга милдеттүү.

41. ИМЗ бар идиштерди сактоочу чатырчалар жана аянтчалар тосмолор менен курчалып, темир поддон менен жабдылышы керек, суу жана башка заттардын кирүүсүн жокко чыгаруучу катуу каптамасы жана чатыры болууга тийиш.";

– 43-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"43. ИМЗны колдонууда төмөнкүлөргө тыюу салынат:

– ИМЗ бар идиштерди ысытылган беттердин жанына жакын орнотууга;

– ИМЗ бар идиштерди башка материалдар жана заттар менен бирге сактоого;

– ИМЗны канализацияга, суу объекттерине, топуракка төгүүгө, ошондой эле өрттөөгө;

– ИМЗ менен иштөө үчүн алдын ала нускамадан өтпөгөн же 18 жашка толо элек адамдарды жумушка тартууга;

– жалпы пайдалануудагы көлмөлөргө, топуракка жана канализация тармактарына таштоого (төгүүгө);

– тиричилик жана өнөр жай калдыктары үчүн полигондорго көмүүгө;

– энергетикалык орнотмолор үчүн арналган отун алуу максатында мунай (газ конденсаты), бензин, керосин, отун (дизель, кеме, казан-меш мазуту) менен аралаштырууга;

– кайра иштетүүдөн тышкары, отун катары же башка максаттарда колдонуу үчүн сатууга же берүүгө;

– туруктуу органикалык булгоочу заттарды жана өзгөчө уулуу компоненттерди (полихлорлонгон бифенилдер, полихлорлонгон терфенилдер ж.б.) камтыган ИМЗны кайра иштетүүгө.";

– 45-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"45. Мүмкүн болгон төгүлүүлөрдү жоюу үчүн кум салынган куту жана күрөк болушу керек. Чогулган кум герметикалык идишке салынып, утилдештирүү үчүн адистештирилген ишканаларга өткөрүп берилет.";

– төмөнкүдөй мазмундагы $45^1$–$45^5$-пункттар менен толукталсын:

"$45^1$. ИМЗны идентификациялоо төмөнкүдөй белгилер боюнча жүргүзүлөт: товардык мунай заттарын алуу максатында кайра иштетүү (утилдештирүү) үчүн гана арналган; продукцияны түздөн-түз арналышы боюнча колдонуунун натыйжасында алынган; товардык мунай заттарын алуу үчүн баштапкы чийки зат катары колдонулат.

$45^2$. Жүгүртүүгө чыгарылган жана (же) жүгүртүүдөгү ИМЗнын ар бир партиясы ИМЗнын сапат паспорту менен коштолууга тийиш.

ИМЗнын сапат паспорту төмөнкүлөрдү камтышы керек:

– продукциянын аталышы, марканын белгилениши жана арналышы; даярдоочунун же импорттоочунун, же сатуучунун аталышы, анын товардык белгиси (бар болсо), жайгашкан жери, байланыш маалыматтары; ушул Тартиптин 2-тиркемесине ылайык продукциянын коопсуздук көрсөткүчтөрүнүн ченемдик маанилери жана сыноолордун иш жүзүндөгү натыйжалары;

– документтин белгилениши, ага ылайык продукция өндүрүлөт (бар болсо); ага ылайык продукция өндүрүлгөн ченемдик документте белгиленген продукциянын көрсөткүчтөрүнүн ченемдик маанилери жана сыноолордун иш жүзүндөгү натыйжалары; сактоо мөөнөттөрү жана шарттары; даярдалган датасы; партиянын номери; паспорттун номери; паспортту тариздеген адамдын колу.

$45^3$. ИМЗ кийинки кайра иштетүүгө даярдоо үчүн чогултуу пункттарына тапшырылууга тийиш. ИМЗны сактоо топтор боюнча жүзөгө ашырылат.

$45^4$. Чогултуу пункттарына тапшырылуучу ИМЗны коштогондо, чогултуу пункттарынан кайра иштетүүгө берилүүчү ИМЗ сапат паспорту менен коштолууга жана ушул Тартиптин 3-тиркемесинде баяндалган талаптарга ылайык келүүгө тийиш.

ИМЗны кайра иштетүү калдыксыз алдыңкы технологиялар боюнча экологиялык коопсуз ыкмада жүргүзүлүшү керек.

ИМЗны кайра иштетүүнүн натыйжасында пайда болгон механикалык аралашмалар (чөкмөлөр, шламдар) адистештирилген ишканаларда утилдештирилиши керек.

$45^5$. ИМЗны чогултуу жана утилдештирүү боюнча иш улуттук мыйзамдарга жана Евразия экономикалык биргилинин укугуна ылайык жүзөгө ашырылат.";

– 46-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"46. ИМЗны жана башка калдыктарды чогултуу, зыянсыздандыруу, ташуу жана кайра иштетүү менен байланышкан ишти жүзөгө ашыруучу адистештирилген ишканалардын лицензиясы болушу керек жана алар "Өндүрүш жана керектөө калдыктары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык айлана-чөйрөнү коргоо боюнча ыйгарым укуктуу орган тарабынан бекитилген кайра иштетүүчүлөрдүн реестринде турушу керек.";

– жогоруда аталган Тартиптин тиркемесинде:

жогорку оң бурчундагы "тиркеме" деген сөз "1-тиркеме" деген сөздөргө алмаштырылсын;

– ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакциядагы 2, 3-тиркемелер менен толуктолсун.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 24-декабры, №821***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

КАМКОРДУК



# ПРЕЗИДЕНТТИН ТАПШЫРМАСЫ
## же ички каттамдарга баа туруктуашат

***2026-жылдан тарта көпчүлүк ички аба каттамдарына билет баасы туруктуу болот. Башкача айтканда билеттер бекитилген баадан ашырылбай сатылат. Бул аптанын эң жагымдуу жаңылыктарынын бири болду десек болот. Президент Садыр Жапаровдун басма сөз катчысы Аскат Алагөзов мындай демилге Мамлекет Башчысынын тапшырмасы менен ишке ашырылып жатканын билдирди. Аскат Алагөзовдун айтымында буга чейин аймактарга уча турган каттамдардын билеттери акыркы саатта кескин кымбаттап кетип жүргөн. "Президенттин жеке колдоосу жана кубаттоосунун аркасында өлкөнүн Турукташтыруу фондунун дотацияларынын алкагында "Асман Эйрлайнс" авиакомпаниясынын багыттары боюнча тарифтер менен ички аба каттамдардын тармагы кеңейүүдө. Демилге аймактардын жеткиликтүүлүгүн арттырууга, ички туризмди колдоого, региондордогу чакан жана орто бизнести өнүктүрүүгө, өлкөнүн резиденттери үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүүгө багытталган. Нарын, Талас, Казарманга каттамдар мурда жумасына бир жолу аткарылчу. 4-январдан баштап бул багыттар боюнча жумасына эки жолудан каттам аткарылат" деп жазды Алагөзов.***

Эске салсак, 2023-жылдан тарта Өлкө жетекчилиги "Асман аба жолдору" авиакомпаниясын түзүп, эки жыл ичинде Dash 8-400 үлгүсүндөгү 80 орундуу 3 учак сатып алынып, каттамдар жанданган. Каттамдарды ачуу үчүн мамлекет эбегейсиз иш аткарып, жарактан чыккан эски аэропорторду ишке киргизүү жумуштары жүрдү. Мына ушул мамлекеттик авиакомпания түзүлүп жатканда ички каттамдарга билет баалары арзан боло турганы да айтылган. Бирок, иш жүзүндө андай болбоду. Каттамдарды аткарууда билет бааларынын кымбат болуп жаткандыгын айтып, көп эле жарандар нааразычылыгын билдирип жүрүшкөн. Бул мүчүлүштүктү жоюп, Президент Садыр Жапаров билет бааларын турукташтырууга тапшырма берди. Билетти сатууда ортодогу айырма Турукташтыруу фондундагы каражаттын эсебинен жабылып турары белгилүү болду.

Түзүлүп жаткан жаңы эрежеге ылайык Бишкек–Талас ички каттамы дүйшөмбү жана жума күндөрү аткарылып, билет баасы 2100 сом болот. Бишкек–Нарын багыты 2100 сом өлчөмүндө бекитилип, дүйшөмбү жана жума күндөрү аткарылат. Бишкек-Казарман каттамы дүйшөмбү жана жума күндөрү учуп, баа 3100 сомдон көтөрүлбөй турган болду. Бишкек–Кербен багытынын баасы 3600 сом деп белгиленип, шаршемби жана жума күндөрү аткарылып турат. Ал эми Бишкек–Баткен багытындагы учактын билет баасы 4500 сом болуп күн сайын учат. Бишкек–Раззаков учагы да күн сайын учуп, баасы 4800 сом болот. Бишкек–Каракол учагы кышында жумасына төрт жолу (мезгилге жараша) учат да баа 4000 сомдон жогорулабайт. Ош–Каракол каттамы 5000 сом, жумасына төрт жолу (мезгилге жараша) болот деп белгиленди.

Кыргызстандагы ички аба каттамдардын ичинен Бишкек–Ош жана Бишкек–Манас багытындагы каттамдардын гана баасы туруктуу болор-болбосу тууралуу маалымат берилген жок. Андыктан азыр түндүк менен түштүктү бириктирген негизги ушул эки каттам тууралуу көп суроолор жаралууда. Дал ушул эки каттамдын да билеттеринин баасын турукташтыруу ишке ашса дегендер арбын экени айтпаса да белгилүү. Бирок, "Кыргызстан аэропорттору" ачык акционердик коому Бишкек менен Оштун жана Бишкек менен Манастын ортосундагы каттамдар учурда ички аба каттамдары рыногунда эң популярдуулардын катарына кире тургандыгын, бул каттамдардагы жүргүнчүлөрдүн саны дайыма жогору жана суроо-талап авиакомпаниянын мүмкүнчүлүгүнөн бир топ ашып түшөрүн билдирди. Ошондуктан, бул каттамдардагы тарифтерди субсидиялоо мүмкүн эмес. Авиакомпаниянын бааларды төмөндөтүшү сөзсүз түрдө рынокко таасирин тийгизип, башка авиакомпаниаларды чыгымга кептей турганы айтылды.

"Кыргызстан аэропорттору" ачык акционердик коомуна Кыргызстандын аймагындагы 11 аэропорт карайт. Алардын бешөө – "Манас", "Ош", "Ысык-Көл", "Каракол" жана "Баткен" эл аралык, ал эми алтоо – "Жалал-Абад", "Исфана", "Кербен", "Казарман", "Нарын" жана "Талас" аймактык макамга ээ.

"Кыргызстан аэропорттору" ачык акционердик коому 2025-жылды натыйжалуу жыйынтыктаганын билдирүүдө. Эң негизги жетишкендик – "Манас" эл аралык аэропортунун аэровокзалын кеңейтүү, учуп-конуу тилкелеринде капиталдык ондоп-түзөөдөн өткөрүү иштери болгон. Андан тышкары "Жалал-Абад" эл аралык аэропортунун курулушу башталганы да маанилүү окуя болду. "Ош" эл аралык, "Ысык-Көл" аймактык аэропортунда да жаңы аэровокзалдардын курулушу башталууда. Каракол аба майданынын да учуп-конуу тилкелери узартылган. Антекени, келечекте Каракол аэропорту эл аралык рейстерди кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек. "Асман аба жолдору" авиакомпаниясы болсо келерки жылы дагы 3 учак сатып алуу алдында турат. 2026-жылы Евросоюздун кара тизмесинен чыгуусу да пландалууда. Бул кара тизмеде Кыргызстан 20 жылдай убакыт туруп келгени белгилүү. Эгер өлкө аталган тизмесинен чыкса, "Асман аба жолдору" авиакомпаниясы эл аралык рынокко чыгуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Азыр жакшы иштер жасала калганда эл арасында "30 жылда мындай болгон эмес" деген лакап айтылып калбадыбы. Чынында эле авиатармакта мындай жылыштар, жыйынтыктар 30 жылда болгон эмес.

**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

АЙМАКТАРДА

## САРЫ-ТАЛАА – КЫЗЫЛ-ТАШ – ЗАРДАЛЫ УНАА ЖОЛУ ПАЙДАЛАНУУГА БЕРИЛДИ



Президенттин Баткен облусундагы өкүлчүлүгүнөн билдиришкендей, Зардалы айылы Баткен районунун борборунан 110 чакырым алыстыкта тоо арасында жайгашкан.

Зардалы айылын район менен байланыштырган эки жол бар, автоунаа менен жана жөө өтүүчү. Жолдун бир бөлүгү бийик ашуулар аркылуу өткөндүктөн, кышында кар көп жаап, октябрь айынан май айына чейин жабылып калчу. Ошондой эле тургундар тоо боору менен 6,2 чакырым Кожешкен дарыясын бойлоп ат менен жана жөө басчу.

Президенттин тапшырмасы менен Сары-Талаа айылынан баштап Кызыл-Таш жерлигине чейинки узундугу 11 чакырым, туурасы 3-4 метр болгон кууш жолдун туурасы 6 метрге кеңейтилип, Кызыл-Таштан Зардалы айылына чейинки 7 чакырым жол жаңыдан курулуп, Кожешкен дарыясы аркылуу узундугу 30 метр болгон темир көпүрө курулуп, автоунаа каттамы камсыздалды. Жаңыдан курулган жолдун долбоору боюнча, жол 26 чакырымга кыскарды. Ошондой эле жыл боюу автоунаа каттамы камсыз кылынат, себеби бул бөлүктө кар дээрлик турбайт. Жалпы узундугу 18 чакырым болгон Сары-Талаа – Кызыл-Таш – Зардалы автожолунун курулушунун баасы 888,9 млн сом.

Белгилей кетсек, 2024-жылдын 29-сентябрында Кыргызстандын Президенти Садыр Жапаров Зардалы айылында эл менен жолугушуу учурунда Зардалы айылына 2025-жылы жол курула тургандыгын айткан. Натыйжада мамлекет тарабынан каражат бөлүнүп, Транспорт жана коммуникациялар министрлиги тарабынан жол курулуп, бүгүнкү күндө пайдаланууга берилип отурат.

## 3200 ОРУНДУУ ФИЛАРМОНИЯ ЖАНА ЗАМАНБАП МУЗЕЙ КУРУЛАТ

Манас шаарында 3 миң 200 орундуу филармония жана заманбап музей курулат. Бул тууралуу Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев Жогорку Кеңештин жыйынында билдирген.

Анын айтымында, маданият тармагында мекемелердин имараттарын капиталдык ондоодон өткөрүү жана материалдык-техникалык базасын жакшыртуу боюнча бир катар иштер аткарылды. Б.Бейшеналиева атындагы Кыргыз улуттук маданият жана искусство университетинин жаңы окуу корпусунун курулушуна 990 миллион сом бөлүндү. М.Күрөңкеев атындагы музыкалык окуу жайдын окуу корпусунун курулушуна 750 миллион сом бөлүнгөн.

"Маданий инфраструктураны өнүктүрүүгө багытталган ушундай долбоорлор өлкөнүн бардык аймактарында ишке ашырылууда. 2025-жылдын 10-декабрында Кыргызстандын улуттук суусундугу – максымды ЮНЕСКОнун материалдык эмес маданий мурастар тизмесине киргизүү өлкө үчүн маанилүү окуя болду" деп белгиледи ал.

## ОШТО БООР ТРАНСПЛАНТАЦИЯСЫ ЖАСАЛДЫ



Ош мамлекеттик университетинин медициналык борборунда боор трансплантациясы ийгиликтүү ишке ашты. Операция алты сааттан ашык убакытка созулган. Ал эми трансплантация жасалган бейтап 50 жашта. Сегиз жыл бою боордун В, С жана D вирустук гепатиттери менен жабыркап келген. Донору, анын 25 жаштагы уулу болгон. Татаал операция Н. В. Склифосовский атындагы Тез жардам илимий-изилдөө институтунун боор трансплантациясы бөлүмүнүн башчысы, трансплантолог дарыгер, медицина илимдеринин доктору Мурад Наврузбековдун жетекчилиги алдында ОшМУнун медициналык борборунун командасы менен биргеликте аткарылган.

Эске салсак, Президент С. Жапаров өлкөдө органдарды трансплантациялоо тармагын өнүктүрүүгө өзгөчө артыкчылык берип, бул багыттагы иштерди күчөтүү боюнча тапшырма берген. Анын алкагында кыргыз дарыгерлерине ишеним артылып, Саламаттык сактоо тармагында татаал делген операциялар ийгиликтүү ишке ашырылууда. Тиешелүү адистерге трансплантологияны өнүктүрүү үчүн жогорку технологиялык медициналык жардамдарды дагы да күчтөндүрүү аракеттери көрүлүүдө.

**"Эркин-Тоо" пресс**



## САПАТТУУ, ЗАРЫЛ ДАРЫ-ДАРМЕКТЕР МЕНЕН КАМСЫЗДОО МАСЕЛЕСИ

Саламаттык сактоо министри Каныбек Досмамбетов калкты сапаттуу жана зарыл дары-дармектер менен камсыздоо маселелери боюнча жумушчу топ менен жыйын өткөрдү. Мында өлкөгө жашоо үчүн маанилүү дары-дармектерди үзгүлтүксүз жеткирүү маселелери каралды. Өмүр үчүн маанилүү дары-дармектердин тизмесине кирген препараттарды каттоодо бюрократиялык тоскоолдуктарды жоюу, каттоо мөөнөттөрүн кыскартуу жана кезектерди азайтуу зарылдыгы белгиленди.

Саламаттык сактоо министри эки айдын ичинде республика аймагындагы дары-дармектердин жеткиликтүүлүгү жана саламаттык сактоо системасынын муктаждыктары тууралуу актуалдуу маалыматты камтыган бирдиктүү электрондук базаны ишке киргизүүнү тапшырды. 2026-жылдын башталышы менен дары-дармек менен камсыздоо тармагында комплекстүү чечимдерди кабыл алуу боюнча «Кыргызфармация» мамлекеттик ишканасы, жеке фармацевтикалык сектордун өкүлдөрү менен жумушчу жолугушууларды өткөрүү чечими кабыл алынды.

**Мээрим БАКТЫБЕК кызы**

## 2025-ЖЫЛДЫН 5-ИЮНУНДА ДҮЙШӨМБҮ ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ МАМЛЕКЕТТЕР ШЕРИКТЕШТИГИНЕ КАТЫШКАН МАМЛЕКЕТТЕРДИН ООР МАШИНА КУРУУ ТАРМАКТАРЫН ӨНҮКТҮРҮҮДӨГҮ КЫЗМАТТАШТЫГЫ ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Мамлекеттик ички жол-жоболорду аткаруу максатында, “Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18-беренесине, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** 2025-жылдын 5-июнунда Дүйшөмбү шаарында кол коюлган Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигине катышкан мамлекеттердин оор машина куруу тармактарын өнүктүрүүдөгү кызматташтыгы жөнүндө макулдашуу бекитилсин.

**2**. Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги көрсөтүлгөн Макулдашууну ишке ашырууга жооптуу орган болуп аныкталсын.

**3**. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги жогоруда көрсөтүлгөн Макулдашуунун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылгандыгы жөнүндө Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин Аткаруу комитетине кабарласын.

**4**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 24-декабры, №827***

## ЭЛ АРАЛЫК ФИНАНСЫЛЫК УЮМДАР ЖАНА ДОНОР ӨЛКӨЛӨР ТАРАБЫНАН КАРЖЫЛАНУУЧУ ДОЛБООРЛОРДУ ДАЯРДООДО ЖАНА ИШКЕ АШЫРУУДА ИШТЕГЕН КЫЗМАТКЕРЛЕРГЕ ЭМГЕК АКЫ ТӨЛӨӨ ШАРТТАРЫ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Мамлекеттик инвестициялардын жана техникалык жардамдын алкагында ишке ашырылуучу, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги аркылуу эл аралык финансылык уюмдар жана донор өлкөлөр тарабынан каржылануучу долбоорлордун кызматкерлерине эмгек акы төлөө системасын өркүндөтүү максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Мамлекеттик инвестициялардын жана техникалык жардамдын алкагында ишке ашырылуучу, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги аркылуу эл аралык финансылык уюмдар жана донор өлкөлөр тарабынан каржылануучу долбоорлорду даярдоодо жана ишке ашырууда иштеген кызматкерлердин кызматтык маяналарынын өлчөмдөрү тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Жогоруда көрсөтүлгөн кызматкерлердин кызматтык маянасына төмөнкүдөй үстөктөр белгиленсин:

1) төмөнкүлөрдү даярдоодо жана/же ишке ашырууда:

– эки долбоорду – 15 пайыз өлчөмүндө;

– үч долбоорду – 20 пайыз өлчөмүндө;

– төрт жана андан ашык долбоорлорду – 25 пайыз өлчөмүндө;

2) эл аралык долбоорлордогу иш тажрыйбасы үчүн:

– үч жылдан беш жылга чейин – 10 пайыз өлчөмүндө;

– беш жылдан ашык – 20 пайыз өлчөмүндө.

**3.** Мамлекеттик инвестициялардын жана техникалык жардамдын алкагында эл аралык финансылык уюмдар жана донор өлкөлөр тарабынан каржылануучу долбоорлор боюнча аткаруучу агенттиктер болуп саналган мамлекеттик органдар Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарына жана Кыргыз Республикасынын социалдык камсыздандыруу чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык тиркемеде көрсөтүлгөн кызмат орундарын ээлеген кызматкерлердин эмгек акысынан киреше салыгын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна чегерүүлөрдү ай сайын кармоону камсыз кылсын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 12-июлундагы №371 “Эл аралык финансылык уюмдар жана донор өлкөлөр тарабынан каржылануучу долбоорлорду даярдоого жана ишке ашырууга катышкан кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

**5**. Бул токтом расмий жарыяланууга тийиш жана 2026-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 25-декабры, №830***

## 2026-ЖЫЛДЫН ЖАҢЫ ЖЫЛДЫК КАНИКУЛДАРЫН УЗАРТУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Үй-бүлө институтун бекемдөө, кышкы мектеп каникулдары учурунда ата-энелердин балдары менен чогуу эс алуусуна шарттарды камсыз кылуу максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердин, мамлекеттик бюджеттен каржылануучу уюмдардын жана ишканалардын кызматкерлери үчүн жаңы жылдык каникулдар 2 календардык күнгө – 2026-жылдын 8 жана 9-январына узартылсын.

**2.** Жеке менчик формасындагы юридикалык жактардын жетекчилерине ушул токтомду өз ишинде колдонуу сунушталсын.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланууга тийиш жана 2026-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 25-декабры, №835***

## БИШКЕК ШААРЫНЫН АЙМАГЫНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕР ТИЛКЕСИН “АЙЫЛ ЧАРБА БАГЫТЫНДАГЫ ЖЕРЛЕР” КАТЕГОРИЯСЫНАН “ӨНӨР ЖАЙДЫН, ТРАНСПОРТТУН, БАЙЛАНЫШТЫН, ЭНЕРГЕТИКАНЫН, КОРГООНУН ЖЕРЛЕРИ ЖАНА БАШКА БАГЫТТАГЫ ЖЕРЛЕР” КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Бишкек шаарынын Ленин районунун аймагында электр подстанциясын куруу максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесине, “Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин 2-бөлүгүнүн 5, $12^2$-пункттарына, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык, Бишкек шаарынын мэриясынын 2025-жылдын 16-сентябрындагы №261 токтомун жана Бишкек шаарында жер участокторун которуу (трансформациялоо) боюнча комиссиянын 2025-жылдын 29-июлундагы корутундусун эске алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Бишкек шаарынын Ленин районунда №105 контурда жайгашкан, “Жаз Строй” жоопкерчилиги чектелген коомунун жеке менчигинде турган жалпы аянты 0,4 га сугат айдоо жер тилкеси электр подстанциясын куруу үчүн “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан “Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер” категориясына которулсун (трансформациялансын).

**2**. Бишкек шаарынын мэриясы төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

1) жерди эсепке алуу документтерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;

2) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесин максаттуу пайдаланууну;

3) курулуш ченемдерин жана эрежелерин так сактоо менен жогоруда көрсөтүлгөн жер тилкесинин шаар куруу документтерин шаар куруу жана архитектура чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иштеп чыгууну жана бекитүүнү;

